**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 18-июнундагы №32-о «Жаран Эрмек Ирискулович Исмаиловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына Эрмек Ирискулович Исмаиловдун даттануусун кароо жөнүндө

## ТОКТОМУ

2016-жылдын 8-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья М. Ш. Касымалиев, судьялар К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, К. М. Киргизбаев, Э. Т. Мамыров, А. О. Нарынбекова, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С. А. Джолгокпаеванын катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда Эрмек Ирискулович Исмаиловдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 18-июнундагы №32-о «Жаран Эрмек Ирискулович Исмаиловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына даттануусун карап чыкты.

Даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана жаран Эрмек Ирискулович Исмаиловдун өтүнүчү боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 8-майында жаран Э. И. Исмаиловдун Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренесин конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келтирилген материалдардан келип чыккандай, 2009-жылдын 30-мартындагы №103 «Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренесинин 2-бөлүгүндөгү «мыйзамда белгиленген эмгек акыны төлөөнүн эң төмөнкү өлчөмү» деген сөздөр «эсептик көрсөткүчү» деген сөздөр менен алмашылды.

Арызданууучу, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренесинин эски редакциясы эң төмөнкү эмгек акынын жогорулашы менен зыяндын ордун толтуруунун этаптуу жогорулашын кепилдеп турчу деп белгилейт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренесине мындай өзгөртүү киргизүү менен, багуучусунан ажырагандыгы боюнча зыяндын ордун толтуруу боюнча төлөө өлчөмү жогорулатылган эмес, анын натыйжасында жарандардын бул категорияларынын кызыкчылыктары корголбогон бойдон калган.

Ушуга байланыштуу арызданууучу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренесин конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 39-беренесине карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы жаран Э. И. Исмаиловдун кайрылуусун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 5-пунктун жетекчиликке алып, 2015-жылдын 18-июнунда

№32-о аныктамасы менен төмөнкү негиздер боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, эгерде кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуулугу Конституциялык палата тарабынан мурда текшерилсе жана анын өз күчүн сактаган актысы бар болсо, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы менен жаран И. Дженалиеванын буга окшогон талабы каралган, анын жыйынтыгы боюнча 2014-жылдын 19-февралында Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренесинин 2-бөлүгүнө 2009-жылдын 30-мартындагы №103 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен киргизилген өзгөртүүнү Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө чечим кабыл алынган. Бул учурда судьялар коллегиясы, аталган чечим азыркы убакта өз күчүн сактаарын белгилеген, буга байланыштуу бул өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Э. И. Исмаилов судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 18-июнундагы №32-о аныктамасы менен макул болбостон, 2016-жылдын 1-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арызденуучу өз даттануусунда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренесинин ченемдик жобосун келтирет, ага ылайык зыяндын ордун толтуруу боюнча төлөмдүн өлчөмү эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүнүн жогорулагандыгына көбөйтүлөт, ал анын пикири боюнча, алгылыксыз болуп саналат. Жарандардын (майыптардын, жашы жете элек балдардын жана улгайган адамдардын) кызыкчылыгында зыяндын ордун толтуруу төлөмүнүн өлчөмү 2006-жылдын 1-январынан баштап көбөйтүлө элек, анткени «Эсептешүү көрсөткүчү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдын өзүндө анын жогорулашы каралган эмес.

Ошондой эле арызданууучу, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренеси индексация бөлүгү боюнча, аны ишке ашыруу механизминин жоктугунан улам иштебейт деп эсептейт.

Буга байланыштуу, Э. И. Исмаилов, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 234-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 39-беренесине, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейт жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 18-июнундагы №32-о аныктамасын жокко чыгарып жана анын өтүнүчүн маңызы боюнча кароо үчүн өндүрүшкө алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн талкуулап жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын Э. И. Исмаиловдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө негиздемелерди карап чыгып, төмөнкү тыянактарга келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгү менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартканга укуктуу болгон учурдагы бир катар негиздери каралган. Ошентип, мындай негиздердин бири, кайрылууга коюлган маселе боюнча кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын колдонуудагы актысынын бар болушу саналат. Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын тыянактары негизделген болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 18-июнундагы №32-о «Жаран Эрмек Ирискулович Исмаиловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык

мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М   К Ы Л А Т:**

1. Жаран Эрмек Ирискулович Исмаиловдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 18-июнундагы №32-о «Жаран Эрмек Ирискулович Исмаиловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**